**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЕКТЕПТЕРИНДЕ 1-4-КЛАССТАРДА МУЗЫКА ПРЕДМЕТИН ОКУТУУНУН СТАНДАРТЫ

**Бишкек – 2022**

Кыргыз Республикасынын мектептеринде 1-4-класстарда музыка предметин окутуунун стандарты

**Иштеп чыккандар:**


1. Дуйшеналиев Ж.С. − Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун ага окутуучусу, музыка таануучу (жумушчу топтун жетекчиси).
2. Джакыпов К.К. – п.и.к., И. Арабаев атындагы КМУнун «Искусство жана дизайн» факультетинин деканы, доценттин милдетин аткаруучу.
3. Шамбетова К.Дж. – И. Арабаев атындагы КМУнун «Искусство жана дизайн» факультетинин “Музыка” кафедрасынын ага окутуучусу.


**Рецензенттер:**


1. Омурзаков А.Т. – И. Арабаев атындагы КМУнун «Искусство жана дизайн» факультетинин ага окутуучусу.
2. Мамытова М. – Генерал С.Самсалиев атындагы Жогорку Аларча жалпы билим берүүчү орто мектебинин музыка мугалими.

## МАЗМУНУ


| | | |
|---|---|---|
| | **Мазмуну** ........................................ | 3 |
| **1-БӨЛҮМ** | **Жалпы жоболор** ........................................ | 4 |
| 1.1. | Документтин статусу жана түзүмү ........................................ | 4 |
| 1.2. | Негизги ченемдик документтердин системасы........................................ | 4 |
| 1.3. | Негизги түшүнүктөр жана терминдер........................................ | 5 |
| **2-БӨЛҮМ** | **Предметти окутуунун концепциясы** ........................................ | 7 |
| 2.1. | Предметти окутуунун максаттары жана милдеттери ........................................ | 8 |
| 2.2. | Предметти түзүүнүн методологиясы ........................................ | 8 |
| 2.3. | Предметтик компетенттүүлүктөр ........................................ | 9 |
| 2.4. | Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр, алардын байланышы ........................................ | 10 |
| 2.5. | Предметтин мазмундук тилкелери. Окуу материалдарынын мазмундук тилкелери жана класстар боюнча бөлүштүрүүсү | 14 |
| 2.6 | Предметтер аралык байланыштар ........................................ | 15 |
| **3-БӨЛҮМ** | **Музыка предмети боюнча билим берүүнүн натыйжалары жана ага баа берүү** ........................................ | 17 |
| 3.1. | «Музыка» предметин окутууда күтүлүүчү натыйжалар ........................................ | 17 |
| 3.2. | Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары........................................ | 20 |
| **4-БӨЛҮМ** | **Билим берүү процессин уюштурууга карата талаптар** ........................................ | 23 |
| 4.1. | Окутуунун методикасына негизги талаптар ........................................ | 23 |
| 4.2. | Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар ........................................ | 23 |
| 4.3. | Мотивациялоочу жана коопсуз окуу чөйрөсүн түзүү. ........................................ | 24 |
| | Адабияттар ........................................ | 26 |

# 1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

## 1.1. Документтин статусу жана түзүмү

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамынын ченемдерине жана «Кыргыз Республикасынын мектептеринде жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын мектептеринин 1-4-класстарында Музыка предметин окутуунун стандарты иштелип чыкты жана ал мектептерде Музыка предметин окутуунун негизги тилкелерин аныктайт.

Музыка предметин окутуунун стандартын иштеп чыгуунун негизги максаты 1-4-класстардын окуучулары Музыка предмети боюнча сөзсүз ээ болууга тийиш болгон билимдердин минимумун аныктоо болуп эсептелет.

Мектеп жетекчилери жана анда иштеген мугалимдер стандартта көрсөтүлгөн талаптардын аткарылышына шарт түзүүгө, окуу иштерин уюштурууга, ал эми окуучулар жана алардын ата-энелери тийиштүү мектепти тандап алууга жана анда коюлган талаптарды аткарууга милдеттүү.

Баштапкы жана негизги билим берүү программаларынын алкагында мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруу билим алуунун формасына карабастан, билим берүү уюмдарынын бардык түрлөрү үчүн милдеттүү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын мектептеринде Музыка предмети боюнча предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. Окуу программаларын, окуу пландарын, окуу китептерин жана окуу-методикалык колдонмолорду түзүүдө негиз катары колдонулат.

## 1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2010 ж).
2. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы (2003 ж).
3. Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын расмий тили жөнүндө" Мыйзамы (2013-жыл, 25-февраль).
4. Кыргыз Республикасында көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү Концепциясы (2008 ж).
5. Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо Концепциясы (2012 ж).
6. 2019-2023-жылдарга КРнын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-июлундагы 360-токтому “Инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы”.
7. 2021-жылдын 19-январындагы КРнын президенти С.Н.Жапаровдун Указы менен бекитилген “Адамдын адеп-ахлактык өнүгүү жана дене тарбиясын өнүктүрүү” жөнүндөгү концепциясы.
8. КРнын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 22-июлундагы 393-токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты”.
9. КРнын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы №201 токтому "Кыргыз Республикасында билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө".

10. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1989-жылдын 20-ноябрында кабыл алынган 44/25-резолюциясы “Баланын укуктары жөнүндө Конвенциясы”.
11. ороро2021-2040-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү программасы КРӨ 2021-жылдын 4-майындагы токтому.

### 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Предметтик стандартта негизги түшүнүктөр жана атоолор төмөнкү мааниде пайдаланылат:

- **баа** – музыка предмети боюнча Мамлекеттик жана предметтик стандарттарда белгиленген компетенттүүлүктөрдүн окуучуларда калыптануу даражасын сапаттык жактан аныктоо;
- **баалоо** – музыка предмети боюнча окуучунун когнитивдик (таанып-билүү), аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук ишмердигине, мугалимдердин, класстын, мектептин ишине системалуу байкоо жүргүзүп, андан алынган маалыматтарды билим сапатын андан ары жакшыртуу, алынган билим натыйжаларынын күтүлгөн натыйжа менен дал келүү даражасын аныктоо максатында сыпаттоо, чогултуу, каттоо жана интерпретациялоо процесси;
- **билимдин сапаты** – билим берүүнүн натыйжасынын ар кандай билим берүү субъекттеринин (окуучулардын, педагогдордун, ата-энелердин, коомдун) күткөндөрүнө же алар алдыга койгон максаттары менен милдеттерине ылайык келүү даражасы;
- **билим берүүнүн натыйжалары** – музыка предмети боюнча негизги жана предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болуу деңгээлинде билдирилген билим берүү процессинин белгилүү этабында окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктеринин топтому;
- **билим берүү процесси** – музыка предмети боюнча педагогдордун түздөн-түз катышуусу менен ар кандай түрдөгү сабактар жана окуучунун өз алдынча сабактары, ошондой эле билим берүүнүн максаттары жана натыйжалары жүзөгө ашырылган окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн сынактары, зачеттору, аттестациялоонун башка түрлөрү сыяктуу окутуунун жана тарбиялоонун уюштурулган процесси;
- **гендердик теңчилик** – аялдардын жана эркектердин бирдей укуктук статусу жана аны ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөр, жынысына карабастан адамдарга жашоонун саясий, экономикалык, эмгектик, социалдык, коомдук жана маданий чөйрөлөрүнө катышуу үчүн өз жөндөмдөрүн эркин пайдаланууга мүмкүндүк берет;
- **инклюзия** – ар бир окуучуну билим берүү процессине жана жалпы эле жамааттын/коомдун жашоо чөйрөсүнө киргизүү, атайын билим берүү муктаждыгы бар окуучуларды билим берүү жана социалдык-маданий жашоодон четтетүүгө жол бербөө;
- **инклюзивдик билим берүү** – бул ар бир адамдын физикалык, интеллектуалдык, социалдык, эмоционалдык абалына карабастан билим берүүнүн формасы;
- **көп маданияттуулук** – инсанды көп түрдүү чөйрөдө эркин баарлашып, эркин ой-жүгүртүп, маалыматтарды эркин талдоого шарт түзөт. Ошондой эле, ал инсан башка элдин маданиятын жеңил жана терең үйрөнүп, ага сый мамиле жасоо менен өз элинин маданиятынын өнүгүүсүнө салым кошот;

- **көп маданияттуу билим берүү** – бул өсүп келе жаткан муундун этностук, жалпы улуттук жана дүйнөлүк маданиятты өздөштүрүүсү, аны руханий жактан байытуу жана планетардык дүйнө таанымды өнүктүрүү, көп түрдүү, көп этностуу чөйрөдө жашоого даярдыкты жана жөндөмдүүлүктү калыптандыруу процесси;
- **компетенттүүлүк** – кандайдыр бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик иштеги) билимдин, ыктын жана жөндөмдүүлүктүн ар кандай элементтерин өз алдынча колдонуудагы адамдын интеграцияланган жөндөмү;
- **компетенция** – окуу, инсандык, кесиптик иштердеги кандайдыр бир кырдаалдарда натыйжалуу үзүрлүү ишмердүүлүк үчүн зарыл түрдө окуучуларды окутуп даярдоого карата алдын ала белгиленген социалдык талап (ченем, стандарттардын тизмеси);
- **музыкалык тил** – интонациянын эмоционалдык мааниси. Музыкалык-эстетикалык көркөм чыгармачылыктын куралы жана образдуу кабыл алуу объектиси катары тилдин өзгөчөлүктөрүнүн жыйындысы. Обон - үндөрдүн эвфониялык ырааттуулугу, кайрык. Аккомпанемент - музыканын коштоосу. Кайрылуу - бул ырда кайталанган ыр же строфа;
- **негизги компетенттүүлүк** – социалдык, мамлекеттик, кесиптик тапшырыкка (заказга) ылайык аныкталган, окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылган жана окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделген көп функциялуулукка ээ болгон жана предметтен жогору турган билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжасы;
- **окутуу технологиясы** – музыкалык билим берүүнүн максаттарына жана натыйжаларына жетишүүгө жана өлчөөгө багытталган окуу процессин уюштуруунун ыкмаларынын жана методдорунун тутуму;
- **окутуунун максаты** – музыка предметин окутуунун түпкү жана орто аралык натыйжасы, ага окуучулар негизги жана предметтик компетенттүүлүктүн белгилүү деңгээлинде билдирилген когнитивдик (таанып-билүү), аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук чөйрөдө жетишет, аны мугалим өлчөп жана баа бере алат;
- **предметтик компетенттүүлүк** – музыка предмети боюнча негизги компетенттүүлүктөргө карата мамиле боюнча жекече компетенттүүлүк, билим берүү натыйжаларынын топтому түрүндө предметтин материалдары менен аныкталат;
- **предметтик стандарт** – окуучунун билим алышынын, аларга жетишүү ыкмаларын жана предметтин алкагында өзгөрүүлөрдүн натыйжаларын жөнгө салган документ;
- **социалдык ар түрдүүлүк** – бул жеке жана топтук деңгээлде бардык адамдарга мүнөздүү болгон ар кандай жана окшош мүнөздөмөлөрдүн ар түрдүүлүгүн аныктоочу жана камтыган түшүнүк.
- **толеранттуулук** (латындан. *tolerantia* – "чыдамдуулук, көтөрө билүү") – башка дүйнө таанымга, жашоо образына, жүрүм-турумуна жана үрп-адаттарына толеранттуулукту билдирген социологиялык термин. Толеранттуулук кайдыгерликке барабар эмес. Бул башка дүйнө таанымды же жашоо образын кабыл алуу дегенди билдирбейт, ал башкаларга өзүнүн дүйнө таанымына ылайык жашоого укук берүүдөн турат.

## 2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИ ОКУТУУНУН КОНЦЕПЦИЯСЫ

«Музыка» предмети («Искусство» билим берүү тарамы) башталгыч класстарда, окуучулар өзүнүн музыкалык чыгармачыгынан кубанууну, рахаттанууну алуу мүмкүнчүлүктөрүнө шарт түзүүнү максаттанат. «Музыка» предметин окуп үйрөнүү үчүн негизги басым, Кыргыз улуттук музыкалык маданияттын жана Борбор-Азия регионундагы музыкалык маданияттын көп образдуу катмарлары болот. Музыкалык материалдарды тандоо критериялары, башталгыч класстардын окуучуларынын психологиялык жактан өзгөчөлүктөрүнө жооп берген гуманисттик жана поликультуралык багыттагы музыкалык материалдарды тандоо негизги критериялардан болот.

Башталгыч класстардагы окуу ишмердүүлүгү тикеден-тике курчап турган айлана-чөйрөнү таануу, эң негизгиси сезүүнү жана кабыл алууну стимулдаштыруу.

Окуучу, ар түрдүү музыкалык чыгармаларга, музыкалык аспаптарга аралашып жатып, аларга чыгармачылык менен жаңыча түшүнүү аркылуу, музыканын тилин түшүнө баштайт жана ар түрдүү идеяларды турмушка ашырууга жардам берүүчү креативдик көндүмдөрүн өнүктүрөт. Ошого байланыштуу, башталгыч класстын окуучуларынын курагында, жаңыдан жаратуу, түзүү жана элестетүүлөрү менен кыялдануулары өнүгөт. Ошондуктан Музыка сабагында музыкалык чыгармаларды уктурууга жана ал чыгармаларга байкоо жүргүзүүгө көңүл буруу маанилүү. Музыкалык искусство чыгармаларында өткөн тажрыйбаны көркөм интерпретациялоону сунуштоо, мектептеги баштапкы билим берүү этабында чыгармачылык компетенттүүлүктү калыптандырууга жол ачат.

Музыкалык билим берүү – окуучуда музыкага карата эмоциялык сезимталдыкты, анын мазмунун түшүнүү жана терең толгонууну, музыкалык сабаттуулуктун негиздерин, музыкалык тилди түшүнүүнү максатка багытталган системалуу түрдө тарбиялоону максаттанат. Мындан сырткары, музыкалык билим берүү бул – музыкалык ишмердүүлүктүн коомдук-тарыхый тажрыйбасын жаңы муунга берүү процесси, Кыргыз элинин музыкасын терең сыйлоого тарбиялоо жана түрдүү элдер менен муундардын музыкасына толеранттуу мамиле кылууга тарбиялоо.

Уктуруу үчүн тандалып алынган музыкалык чыгармалардын, аткаруу (ырдоо) үчүн репертуарынын үлгүлөрү окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүнө, тематикага ылайык келип, предметттик компетенттүүлүктөрдүн калыптануусуна өбөлгө түзүшү керек. Музыкалык маданияттан: элдик музыкалык фольклор, кыргыз композиторлорунун жана дүйнөлүк музыкалык маданияттын классиктеринин классикалык мурастары, заманбап композиторлордун музыкалык чыгармаларынын үлгүлөрү сунуш кылынышы зарыл.

Окутуу түрдүү тилдерде жүргүзүлгөн мектептерде, аткаруу үчүн берилген музыкалык материалдар, окутулган тилдеги аткаруу үчүн берилген ыр чыгармачылыгынын мыкты үлгүлөрүнөн түзүлүп, мамлекеттик жана расмий тилдериндеги ыр чыгармачылыгынын үлгүлөрү киргизилет.

Компьютердик техниканы, электрондук-музыкалык аспаптарды колдонуп, музыка менен баарлашуунун заманбап ыкмаларына да олуттуу көңүл буруу керек.

Башталгыч класстардын «Музыка» предмети жалпы билим берүүчү орто мектептин 1-4–класстардын базистик окуу планындагы негизги окуу предмети болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын расмий бекитилген базистик окуу планына ылайык «Музыка» предметин окутууга 1-2-класстарда жумасына 2 сааттан, 3-4-класстарда жумасына 1саattан.

**2.1. Предметти окутуунун максаттары жана милдеттери**

1-4-класстарда Музыка предметин окутуунун **максаты:**

Башталгыч класстын окуучуларынын гармониялуу өнүгүүсүнүн эң маанилүү компоненти катары, элдик музыкалык маданият менен тааныштыруу аркылуу окуучуларда музыкалык-эстетикалык, руханий жана адеп-ахлактык тарбиялоонун негизин калыптандыруу.

1-4-класстарда Музыка предметин окутуунун **милдеттери:**

- Искусствонун предмети катары музыканы жакшы көрүүгө жана сыйлоого үйрөтүү;
- Музыка – ар бир окуучунун жашоосундагы эң маанилүү бөлүгү катары түшүнүүнү үйрөтүү;
- Айлана-чөйрөгө болгон сүйүүнү жана эмоционалдуу боорукердикти калыптандырууга демилге берүү;
- Музыка менен искусствонун башка түрлөрүнүн биринчи кезекте «Көркөм өнөр» менен «Адабий окуу» (Адабият) бири-бирине болгон байланышын көрө билүүгө, түшүнүүгө үйрөтүү;
- Музыкалык сабаттын негиздерин үйрөтүү;
- Музыка менен баарлашууга болгон муктаждыгын уюштуруу.

Кабыл алууга багытталган, ойлонулган орчундуу музыкалык чыгармалардын билим берүүчүлүк системасын түзүү. Мында, музыкалык искусствонун мазмуну менен формасынын бири-бири менен болгон терең байланышы, музыкалык таасирдүүлүктүн каражаттары жөнүндө бир канча орчундуу билим берүү максаттанат.

**2.2. Предметти түзүүнүн методологиясы.**

«Музыка» предметинен окуучулар элдик музыкалык фольклордун, музыка жөнүндөгү алгачкы элементардык теориялык билимдердин, ырдоонун алгачкы негизги элементтерин, музыка уктуруу аркылуу дил баян жазууну, элдик комузчу, кыякчылардын, обончу-композиторлордун жана кесипкөй композиторлордун өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндөгү алгачкы маалыматтарды жана түшүнүктөрдү кабыл алышат. Предметтин интеграциялоочу функциясын «Көркөм өнөр», «Адабий окуу» предметтериндеги музыкалык-эстетикалык, эстетикалык, этномузыкалык, музыкалогиялык түшүнүктөрү аткарат.

Эгерде, Музыка предметин окутууда предметтер аралык байланышты колдонуу, жашоо менен көп тармактуу өз ара аркеттешүү идеяларын тереңдетүүгө, башка предметтер менен көркөм таанып билүү ишмердүүлүктөрүнө багытталган болсо, ал эми музыкалык процесстердин кубулуштарын чагылдыруу «Музыканын типтери, формалары, стилдери жана жанрлары» деген аталыштагы мазмундук тилкенин жардамы аркылуу ишке ашырылат. Бирок, музыканын стилин окутууга атайын тема бөлүнбөгөнүнө карбастан, бул мамиленин чагылдырылышы Музыка предметин окутуудагы бардык бөлүктөрүндө сакталат.

Стандартта көрсөтүлгөн 4 мазмундук тилкелер (“Музыкалык тил – музыкалык көркөм туюндуруу каражаттары”, “Музыкалык интонация жана образ”, “Музыканын типтери, формалары, стилдери жана жанрлары”, “Автор” (автордук дүйнө) кыргыз композиторлорунун чыгармачылыгы жөнүндө сөз болгондо ачылып берилет. Андан кийин музыканын абдан таасирдүү көркөм спецификалык каражаттары болгон *ыргак, обон, гармония, фактура, тембр, динамикалар* менен ачып көрсөтүлөт. Ал эми «Музыканын

тили, формалары, стилдери жана жанры» боюнча композиторлордун аспаптык жана вокалдык чыгармаларынын фрагменттери ачык мисал боло алат.

Башталгыч класстарга сунушталып жаткан музыкалык чыгармалардын өзгөчөлүктөрү, композиторлордун чыгармачылыгы, искусство чыгармаларынын толук бир бүтүмдүү багытынын типологиялык-мүнөзүн жана музыка предметинде кеңири колдонулуп келе жаткан «Музыканын стили» деген түшүнүктүн маңызын чыгарманын көркөм мазмуну менен көркөм формасы түзүп турат. Стил – башка чыгармалардан терең өзгөчөлөнгөндүгү менен бардык искусство чыгармаларынын бири-биринен айырмаланып турат.

Чыгарманын мазмуну жана формасы – бул эки категория, өзүнө көптөгөн компоненттерди камтыган *ирettүүлүк* менен *системалуулук* аркылуу ишке ашырылат. Музыканын мазмуну анын образы аркылуу эле эмес, ал аны алып жүргөн жанрлар (лирикалык, драматикалык, эпикалык ж.б.) жана чыгарманын программалуулугу аркылуу чагылдырылат жана түшүндүрүлөт. Ал эми *музыкалык тил* – ыргак, обон, гармония, фактура, тембр, динамика сыяктуу музыкалык таасирдүүлүктөрдүн каражаттары аркылуу ишке ашырылат. Көркөм форманы мындай өңүттө түшүндүрүү, музыкалык илиминдеги жаңы жетишкендиктер.

Системалык мамиле, бүтүн бир методологиялык мейкиндиктин башкы «координатору» ролун аткарат. Системалык мамилени колдонуу, предметтин маанилүү компоненттерин уюштурууда чоң жардам берет. Алар: предметтин мазмунунун темалуулугу, уктуруу жана аткаруу үчүн берилген музыкалык материалдар, практикалык ишмердүүлүктөрдүн түрлөрү.

Башталгыч класстардын Музыка предметиндеги кенен таанып билүүчүлүк панорама болсо, өзгөчөлөнгөн системалык мамиле менен башталгыч класстарда «Музыка» курсунун мазмундук концепциясында көрсөтүлүп тургандай, бул предметтин ичинде (макросистемасында) жана анын этаптык (подсистемасында) деңгээлинде ишке ашырылат.

Башталгыч класстардын Музыка предмети музыкалык-эстетика, көркөм-эстетика жана музыкалык теория жөнүндөгү баштапкы элементардык билимдерди, алгачкы музыкалык түшүнүктөрдү берүү менен окуучуларды Музыка предметинин мазмунун өздөштүрүүгө даярдайт.

Башталгыч класстардын Музыка предметин атайын музыкалык, музыкалык-педагогикалык адистиги бар гана мугалим болбосо, башталгыч класстын мугалимине Музыка предметин окутуу берилбейт. Орто мектептерде Музыка предметин музыкалык орто жана жогорку (бакалавр, магистр) билимге ээ болгон Музыка мугалими гана окутуусу талап кылынат. Анда, мугалим окутулуучу музыкалык-теориялык материалдардын негиздерин билүү, аспапта (комуз, аккардеон, фортпиано ж.б.) ойной билүү, ырдоо жана уктуруу үчүн берилген музыкалык чыгарманы нота менен окууну билүү, аны аспаптын коштоосунда жана а cappella аткаруу чыгармачылыгына негизделген.

**2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр.**

«Музыка» предмети окуучулардын төмөндөгү предметтик компетенттүүлүктөрүн калыптанышын шарттайт.

**1. Эмоционалдык-баалуулук компетенттүүлүгү** – окуучулар музыкалык чыгармалар менен инсандык, эмоционалдык-сезимдик байланыш, музыкалык ишмердүүлүктүн ар кыл түрлөрүндө ишке ашырылат. Музыкалык искусствонун конкреттүү чыгармалары менен

таанышуудан келип чыккан эмоциялык абалын сыпаттап берүүгө жөндөмдүүлүк, түрдүү мезгилдердин, элдердин, ар кыл стилдеги, жанрдагы, типтеги музыкалык искусствонун чыгармаларында аккумуляцияланган адептик идеалдарга баа берүү жөндөмдүүлүгү.

**2. Музыкалык-эстетикалык компетенттүүлүк** – окуп-үйрөнүлүп жаткан музыкалык чыгармалардын жанрдык негизин, стилдик өзгөчөлүктөрүн аныктоо жөндөмдүүлүгү, салыштыруу. Окуучулар музыкалык искусствонун чыгармаларын классификациялоо жана угуу аркылуу берилген бир же бир нече белгиси боюнча элдик, улуттук, дүйнөлүк классикалык музыканын чыгармаларын аныктай билүү, музыкалык чыгарманы талдоо жөндөмдүүлүгү, музыкалык түшүнүктөрдү колдонуу менен музыкалык образдар тууралуу ой пикирин айта билүү жөндөмдүүлүгү.

**3. Аткаруучулук компетенттүүлүк** – музыкалык тилдин каражаттарын колдонуу менен хордук жамаатта жана жекече ырдоодо жана аткарууда интерпретациялоо жөндөмдүүлүгү.

Музыкалык чыгарманы аңдап түшүнүүнүн негизинде музыканы уга билүү, аны хор менен же/жана жекече аткара билүү, талдай билүү билгичтиктерин баскычтуу, ырааттуу түрдө калыптандыруу турат.

Демек, компетенттүүлүктөрдүн мазмунунда музыкалык чыгарманы түшүнүү үчүн бир нече аспектилер бөлүнүп көрсөтүлөт:

1) музыкалык чыгарманы баштапкы кабылдоо жана аны менен таанышуудан, угуудан пайда болгон эмоциялык абалды сыпаттоо;

2) талдоо;

3) интерпретация;

4) баалоо.

Предметтик компетенттүүлүк окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн сапатын аныктоодо жетектөөчү мааниге ээ. Предметтик компетенттүүлүк окуу жана практикалык ишмердүүлүктө дайыма ишке ашырылганда гана ал ийгиликтүү түрдө калыптанды деп айтууга болот.

### 2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр, алардын байланышы.

**Негизги компетенттүүлүк** – социалдык, мамлекеттик, кесиптик тапшырыкка ылайык аныкталган, окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылган жана окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделген көп функциялуулукка ээ болгон жана предметтен жогору турган билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжасы. Ал эми предметтик компетенттүүлүк негизги компетенттүүлүккө карата мамиле боюнча жекече компетенттүүлүк, билим берүү натыйжаларынын топтому түрүндө айрым предметтердин материалдары менен аныкталат.

**Негизги компетенттүүлүктөр төмөнкүлөр:**

- **маалыматтык компетенттүүлүк** – окуп жаткандардын маалыматты өз алдынча издөөгө, талдоого, тандап алууга, иштеп чыгууга, анын тууралыгына баа берүүгө, аргументтүү тыянактарды түзүүгө, сынчыл ой жүгүртүүгө жана өз ишин пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу боюнча аң-сезимдүү чечимдерди кабыл алууга даярдыгы жана жөндөмдүүлүгү, зарыл болгон маалыматты алуу

жана көйгөйлөрдү чечүү үчүн оозеки жана жазуу жүзүндө берүү менен диалог түзүүгө жөндөмдүүлүгү, анын ичинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен;

- **социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк** – өз умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен байланыштырууга, позициялардын ар түрдүүлүгүн таануунун жана башка адамдардын баалуулуктарына (маданий, диний, этникалык, гендердик, кесиптик, жеке) сый мамиле кылуунун негизинде өз көз карашын коргоого даярдык; негизги демократиялык жана жарандык укуктарды жана эркиндиктерди түшүнүү жана кабыл алуу, Мекенди сүйүү, улуттук каада-салттарды урматтоо, Кыргызстандын маданий мурасына жана жаратылыш байлыгына аяр мамиле кылуу; "кыргыз жараны" маданий ар түрдүүлүктү түшүнүү жана жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу;
- **өзүн өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүк** – өзүнүн потенциалдуу жана актуалдуу касиеттерин, инсандык, жекече өзгөчөлүктөрүн, башка адамдар менен болгон мамилесин билүү, жекече-психологиялык жана жүрүм-турум мүнөздөмөлөрүн өзгөртүү боюнча максаттуу иш жүргүзүү, келечектеги кесиптик ишмердүүлүктү тандоо үчүн маалыматтагы, окуу жана турмуштук кырдаалдардагы көйгөйлөрдү жана карама-каршылыктарды аныктоо, аларды чечүүнү пландаштыруу жана өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүү, изилдөө, чыгармачылык жана долбоордук иштерди жүргүзүү үчүн сынчыл ой жүгүртүү жана талдоо көндүмдөрүн колдонуу.

| **Негизги компетенттүүлүктөр** | **Предметтик компетенттүүлүктөр** | | |
|---|---|---|---|
| **Маалыматтык** | **Эмоционалдык-баалуулук** | **Музыкалык-эстетикалык** | **Аткаруучулук** |
| ***Окуучунун даярдыгы жана жөндөмдүүлүгү*** | | | |
| – окуп жаткандардын маалыматты өз алдынча издөөгө, талдоого, тандап алууга, иштеп чыгууга, анын тууралыгына баа берүүгө, аргументтүү тыянактарды түзүүгө, сынчыл ой жүгүртүүгө жана өз ишин пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу боюнча аң-сезимдүү чечимдерди кабыл алууга даярдыгы жана жөндөм- | – окуучулар музыкалык чыгармалары менен инсандык, эмоцияналдык-сезимдик байланышын, музыкалык ишмердүүлүктүн ар кыл түрлөрүндө колдонуу;<br>- музыкалык искусствонун конкреттүү чыгармалары менен таанышуудан келип чыккан эмоцияналдык абалын окуу про- | – окуп-үйрөнүлүп жаткан музыкалык чыгармалардын жанрдык негизин, стилдик өзгөчөлүктөрүн аныктоо жөндөмдүүлүгү, МКТ колдонуу менен салыштыруу.<br>– окуучулар музыкалык искусствонун чыгармаларын классификациялоо жана угуу аркылуу берилген бир же бир | – музыкалык тилдин каражаттарын колдонуу менен хордук жамаатта жана жекече ырдоодо жана аткарууда интерпретациялоону табуу, талдоо. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| дүүлүгү, зарыл болгон маалыматты алуу жана көйгөйлөрдү чечүү үчүн оозеки жана жазуу жүзүндө берүү менен диалог түзүүгө жөндөмдүүлүгү, анын ичинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен. | граммасынын негизинде сыпаттап берүү;<br>– түрдүү мезгилдердин, элдердин, ар кыл стилдеги, жанрдагы, типтеги музыкалык искусствонун чыгармаларында аккумуляцияланган адептик идеалдарга баа берүү. | нече белгиси боюнча элдик, улуттук, дүйнөлүк классикалык музыканын чыгармаларын талдай билүү;<br>– музыкалык түшүнүктөрдү колдонуу менен музыкалык образдар тууралуу ой пикирин айта билүү жөндөмдүүлүгү. | |
| **Социалдык-коммуникативдик** | **Эмоционалдык-баалуулук** | **Музыкалык-эстетикалык** | **Аткаруучулук** |
| – өз умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен байланыштырууга, позициялардын ар түрдүүлүгүн таануунун жана башка адамдардын баалуулуктарына (маданий, диний, этникалык, гендердик, кесиптик, жеке) сый мамиле кылуунун негизинде өз көз карашын коргоого даярдык; негизги демократиялык жана жарандык укуктарды жана эркиндиктерди түшүнүү жана кабыл алуу, Мекенди сүйүү, улуттук каада-салттарды урматтоо, Кыргызстандын маданий мурасына жана жаратылыш байлыгына аяр мамиле кылуу; "кыргыз | – окуучунун музыкалык чыгармалары менен инсандык, эмоцияналдык-сезимдик байланышын, музыкалык ишмердүүлүктүн ар кыл түрлөрүндө колдонууга даярдыгы;<br>– музыкалык искусствонун конкреттүү чыгармалары менен таанышуудан келип чыккан эмоцияналдык абалын сыпаттап берүү даярдыгы; | – окуучунун окуп-үйрөнүлүп жаткан музыкалык чыгармалардын жанрдык негизин, стилдик өзгөчөлүктөрүн аныктоого даярдыгы;<br>– окуучунун музыкалык искусствонун чыгармаларын классификациялоо жана угуу аркылуу берилген бир же бир нече белгиси боюнча элдик, улуттук, дүйнөлүк классикалык музыканын чыгармаларын талдай жана колдоно билүү дардыгы. | – музыкалык тилдин каражаттарын колдонуу менен хордук жамаатта жана жекече аткарууда өз турмушунда колдонуу жана баалоо даярдыгы. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| жараны" маданий ар түрдүүлүктү түшүнүү жана жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу. | | | |
| **Өзүн өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү** | **Эмоционалдык-баалуулук** | **Музыкалык-эстетикалык** | **Аткаруучулук** |
| – өзүнүн потенциалдуу жана актуалдуу касиеттерин, инсандык, жекече өзгөчөлүктөрүн, башка адамдар менен болгон мамилесин билүү, жекече-психологиялык жана жүрүм-турум мүнөздөмөлөрүн өзгөртүү боюнча максаттуу иш жүргүзүү, келечектеги кесиптик ишмердүүлүктү тандоо үчүн маалыматтагы, окуу жана турмуштук кырдаалдардагы көйгөйлөрдү жана карама-каршылыктарды аныктоо, аларды чечүүнү пландаштыруу жана өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүү, изилдөө, чыгармачылык жана долбоордук иштерди жүргүзүү үчүн сынчыл ой жүгүртүү жана талдоо көндүмдөрүн колдонуу. | окуучулар музыкалык чыгармалары менен инсандык, эмоцияналдык-сезимдик байланышын, музыкалык ишмердүүлүктүн ар кыл түрлөрүн мектептик жана турмуштук кырдаалдарда көйгөйлөрдү сынчыл көз караште чечүүгө көмөктөшүү; | – окуучу окуп-үйрөнүп жаткан музыкалык чыгармалардын жанрдык негизин, стилдик өзгөчөлүктөрүн өзүнүн жана классташтарынын аныктоосунда каталарды таба билүүгө жана оңдоого даярдыгы.<br>– окуучунун музыкалык чыгармаларды угуу аркылуу берилген бир же бир нече белгиси боюнча элдик, улуттук, дүйнөлүк классикалык музыканын чыгармаларын өз алдынча же башка көндүмдөр менен талдоо жана турмушта колдоно билүү, классташтарынын ой пикирин сыйлоо даярдыгы. | – музыкалык тилдин каражаттарын колдонуу аркылуу хордук жамаатта жана жекече аткарууда көйгөйлөрдү көрсөтө билүү менен өзү үчүн жана жамааты/класста биргеликтете максатка жетүү даярдыгы. |

**2.5. Предметтин мазмундук тилкелери. Окуу материалдарынынын мазмундук тилкелери жана класстар боюнча бөлүштүрүүсү.**

1. Музыкалык тил – музыкалык көркөм туюндуруу каражаттары.
2. Музыкалык интонация жана образ.
3. Музыканын типтери, формалары, стилдери жана жанрлары.
4. Автор (автордук дүйнө).

| № | Мазмундук тилкелер (1-4-класстар үчүн) | **1-класстын темасы** (Бардык жерде бизге музыка, музыка угулат) | **2-класстын темасы** (Музыканын негиздери) | **3-класстын темасы** (Менин элимдин жана дүйнө элдеринин музыкасы) | **4-класстын темасы** (Искусствонун башка түрлөрү менен музыканын бирдиктүүлүгү) |
|---|---|---|---|---|---|
| **1.** | **Музыкалык тил – музыка-лык көркөм туюндуруу каражаттары** | Музыка биздин жашообузда.<br>Музыка эмне жөнүндө айтып берет?<br>Музыка кандай сезимди бере алат?<br>Музыкалык тил деген эмне?<br>Музыкалык алиппе (ноталардын аталыштары, созулуштары).<br>Музыкалык сабат. | Ыр, бий, марш – музыканын үч негизи.<br>Ыр, бий, марш бизди кайда алып барат?<br>Музыканын көркөм каражаттары (обон, темп, тембр ж.б.).<br>Музыкалык сабат. | Менин элимдин музыкасы (элдик муз.)<br>Кыргыз элинин кесиптик музыкасы.<br>Орто Азия элдеринин музыкасы.<br>Дүйнө элдеринин музыкасы.<br>Музыкалык сабат. | «Эгерде адабият болбогондо, музыка эмне болмок эле?»<br>«Эгерде музыка болбогондо, адабият эмне болмок эле?»<br>«Музыканы биз көрө алабызбы?»<br>«Живописти биз уга алабыбызбы?»<br>Музыкалык сабат. |
| **2.** | **Музыкалык интонация жана образ.** | Музыка биздин жашообузда.<br>Музыкалык алиппе (ноталардын аталыштары, созулуштары).<br>Музыкалык сабат. | Ыр, бий, марш – музыканын үч негизи.<br>Ыр, бий, марш бизди кайда алып барат?<br>Музыканын көркөм каражаттары (обон, темп, тембр ж.б.) | Менин элимдин музыкасы (элдик музыкалык чыгармачылык).<br>Кыргыз элинин кесиптик музыкасы.<br>Орто Азия элдеринин музыкасы. | «Музыканы биз көрө алабызбы?»<br>«Живописти биз уга алабыбызбы?»<br>Музыкалык сабат. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Музыкалык сабат. | Дүйнө элдеринин музыкасы.<br>Музыкалык сабат. | |
| 3. | **Музыканын типтери, формалары, стилдери жана жанрлары.** | Музыка эмне жөнүндө айтып берет?<br>Музыка кандай сезимди бере алат?<br>Музыкалык алиппе (ноталардын аталыштары, сызыктарда жайгашышы, созулуштары).<br>Музыкалык сабат. | Музыкалык чыгарманын формасы.<br>Ыр, бий, марш бизди кайда алып барат?<br>Музыканын көркөм каражаттары (темп, обон, тембр ж.б.).<br>Музыкалык сабат. | Кыргыз элинин кесиптик музыкасы.<br>Орто Азия элдеринин музыкасы.<br>Дүйнө элдеринин музыкасы.<br>Музыкалык сабат. | «Эгерде адабият болбогондо, музыка эмне болмок эле?»<br>«Эгерде музыка болбогондо, адабият эмне болмок эле?»<br>Музыкалык сабат. |
| 4. | **Автор (автордук дүйнө).** | Музыка биздин жашообузда.<br>Музыкалык алиппе (ноталардын аталыштары, созулуштары).<br>Музыкалык сабат. | Ыр, бий, марш – музыканын үч негизи.<br>Музыканын көркөм каражаттары (темп, обон, тембр ж.б.)<br>Музыкалык сабат. | Кыргыз элинин кесиптик музыкасы.<br>Орто Азия элдеринин музыкасы.<br>Дүйнө элдеринин музыкасы.<br>Музыкалык сабат. | «Эгерде адабият болбогондо, музыка эмне болмок эле?»<br>«Эгерде музыка болбогондо, адабият эмне болмок эле?»<br>Музыкалык сабат. |

**2.6. Предметтер аралык байланыштар.**

Предметтер аралык байланыш жана дисциплиналар аралык өз ара аракеттешүү, бул стандарттын маанилүү стратегиялык багыты болуп эсептелет. Мында дисциплина деген терминди илимдин өз алдынча тармагы болгон бирдиктүү «Искусство» билим берүү тарамын көрсөтүп жатабыз.

Ошондуктан «өз ара аркеттешүү» түшүнүгүн колдонууну абдан адекваттуу деп эсептейбиз. Себеби, эки тараптан ар түрдүү предметтердин бири-бирине болгон таасирдүүлүк процесси ачып көрсөтүлөт.

Стандарттын чегинде, башталыч класстар үчүн предметтер аралык байланыштар музыкага тийешелүү болгон сүрөттүүлүктү, поэтикалуулукту «көркөм контексти түзүүдө» көрсөтө алат. Темалардын деңгээлинде музыка, поэзия жана живопистин мазмундук жалпылуулугу көрсөтүлөт. Предметтер аралык байланыштар «Дисциплиналар аралык аянттын» кеңейтилиши, окуу предметтеринин айланасынын чегин бир канча оптималдаштырат**.** Алар: адабият, көркөм өнөр, кыргыз, орус тилдери предметтери.

Өз ара аракеттешүү тарамы, «музыка жана жашоо» деген көз краштa предметтик стандарттын бардык мазмундук тилкелеринде камтылганын, өзгөчө белгилеп коюубуз керек. Бул эң негизги өзгөчөлүк ырааттуу түрдө жана аргументтештирилип 1-класстан 4-класска чейинки окуу процессинде ишке ашырылат. Предметтин *мазмундук тилкелеринин* көп ырааттуулугун чагылдыруу көйгөйүн ишке ашыруу үчүн, музыка предметине тектеш болуп келген адабий окуу (адабият) жана көркөм өнөр предметтерин ар дайым таяныч жасоону максаттанат. Жалпы искусствонун негизги өзөгүндө айырмачылыктар болгону менен, анын түпкү өзөгү, эч кандай талашы жок эле бир тамырдан таркалат. Ошондуктан, жалгыз эле музыкалык чыгармалардын образына кайрылуубуздун берилиши эмес, адабият менен көркөм өнөр чыгармаларынын образына да кайрылууну максаттанат.

Ал эми бардык эле искусство тарамындагы предметтер өзүнүн тилинде бир эле көйгөйдү чагылдырышат – ал, адамдын жашоосу.

## 3-БӨЛҮМ. МУЗЫКА ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА АГА БАА БЕРҮҮ.

### 3.1. «Музыка» предметин окутууда күтүлүүчү натыйжалар

Бул бөлүмдө окутуудан күтүлүүчү натыйжалар берилген, алардан окуучулардын предметтик жана предметтен жогорку компетенцияларынын калыптануусу түзүлөт. Күтүлгөн натыйжалардын ар бирине ар бир окуучу жетишүүсү милдеттүү болуп саналат.

Күтүлүүчү натыйжалар номерленген. Номерлөөнүн ар бир цифрасы маалыматтык жүк көтөрүп турат.

Мисалы, 1.1.1. күтүлүүчү натыйжасы 1-класс үчүн (1-цифра) билим берүүчүлүк натыйжа экенин көрсөтөт. 2-цифра берилген натыйжа кайсы предметтик компеттүүлүктү калыптандырарын билдирет. Берилген учурда бул – «Эмоцияналдык-баалуулук компетенттүүлүгү». Акыркы цифра күтүлүүчү натыйжанын иреттик номурун көрсөтөт. Алынган мисалда 1 (бир) цифрасы, б.а., күтүлүүчү биринчи натыйжа.

**Окутуунун натыйжалары (класстар боюнча)**

| № | Мазмундук тилкелер | Индикаторлор, иш-аракеттер (Окуучу эмнени жасоого жөндөмдүү?) | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **1- класс** | **2- класс** | **3- класс** | **4- класс** |
| 1. | Музыкалык тил – музыкалык көркөм туюндуруунун каражаттары | 1.1.1. Музыкалык чыгарманы угуунун жыйынтыгында өзүнүн оюн айтып берет;<br>1.2.2. Композитордун музыкалык чыгармага колдонгон каржаттарын айтат;<br>1.2.3. Музыкалык тилдин терминдерин түшүнөт;<br>1.3.4. Пиано, форте динамикалык боёкчолорду тез, акырын темптерди пайдаланат (жекече | 2.1.1. Музыкалык чыгарманы угуунун жыйынтыгында өзүнүн эмоциялык абалын сыпаттап берет;<br>2.2.2. Композитор музыкалык көркөм туюндуруунун кайсы каражаттарынын жардамы менен чыгарманын музыкалык идеясын бергенин аныктайт;<br>2.2.3. Музыкалык тилдин терминдери жана | 3.3.1. Музыкалык чыгармаларды аткарууда импровизациялайт (хордук же/жана жекече ырдоодо);<br>3.3.2. Ырларды хор менен же жекече аткарууда дирижердун кыймыл-жаңсоолоруна тиешелүү түрдө жооп кайтарып, айрым учурларда дирижердун ролун аткарат; | 4.1.1. Көркөм маданияттагы музыканын маанисин түшүндүрүп берет;<br>4.1.2. Түрдүү композиторлордун музыкалык кебинин мүнөздүү белгилерин атап берет;<br>4.1.3. Музыкалык көркөм туюндуруунун кайсы каражаттарынын жардамы менен композитор чыгарманын музыкалык |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | ырдоодо); | түшүнүктөрүн түшүнүү менен пайдаланат;<br>2.2.4. Ар түрдүү динамикалык боёкчолорду, темптерди пайдаланат (хордук же/жана жекече ырдоодо); | | идеясын бере алганын аргументтеп далилдеп берет; |
| 2. | Музыкалык интонация жана образ. | 1.2.1. Музыкадагы интонацияларды айырмалап берет;<br>1.2.2. Өзүнүн толкундоолорун айтып берет;<br>1.2.3. Музыканын образдык мазмунун ырдоо аркылуу өзүнүн музыкага болгон мамилесин билдирет;<br>1.2.4. Өзүнүн жеке музыкалык таасирлерин оозеки айтып билдирет; | 2.2.1. Музыкадагы көркөмдүк жана сүрөттөөчү интонацияларды айырмалап, атап берет;<br>2.2.2. Өзүнүн толгонууларын, сезимдерин айтып, атап берет;<br>2.2.3. Музыканын көркөм-образдык мазмунун ишке ашырат, ырдоо, жөнөкөй музыкалык аспаптарда ойноо аркылуу өзүнүн музыкага болгон мамилесин билдирет;<br>2.2.4. Өзүнүн жеке музыкалык таасирлерин оозеки баяндоолор жана айтып берүүлөр түрүндө билдирет; | 3.1.1. Музыкалык чыгармаларды эмоционалдык-образдык мүнөздөп берет (өзүнүн толгонууларын, автордун сезимдерин атайт);<br>3.2.1. Сыпаттама же визуалдык образдар аркылуу музыкалык чыгарманы интерпретациялайт;<br>3.2.2. Угуу аркылуу музыкалык образдарды аныктайт жана чыгарманын музыкалык образын (образдарын) түшүндүрүп-мүнөздөйт;<br>3.2.3. Чыгарманын музыкалык драматургиясынын идеясын түшүндүрүп берет;<br>3.2.4. Музыканын көркөм-образдык мазмунун ишке ашырат, хордук же жекече | 3.2.1. Искусствонун ар кыл түрлөрүнүн ортосундагы өз ара байланыштарды белгилейт;<br>4.2.1. Угуу аркылуу музыкалык образдарды аныктайт жана музыкалык чыгарманы баалайт;<br>4.3.3. Ырларды хор менен же жекече аткарууда музыкалык образды пайда кылуу үчүн музыкалык көркөм туюндуруу каражаттарын өз алдынча пайдаланат; |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ырдоодо өзүнүн музыкага болгон мамилесин көрсөтөт; | |
| 3. | Музыканын типтери, формалары, стилдери жана жанрлары | 1.2.1. Кыргыз элдик музыканын негизги жанрларын атап берет;<br>1.3.2. Бир элдик ырды, композиторлордун ырын (окуучулардын тандоосу боюнча) жекече аткарып берет (аспаптын коштоосу менен);<br>1.3.3. Бир үндүү жөнөкөй чыгарманы хор менен аткарат; | 2.2.1. Элдик музыканын негизги типтерин, жанрларын атап берет;<br>2.3.2. Бир элдик ырды, композитор-классиктердин жана азыркы композиторлордун ырларын (окуучулардын тандоосу боюнча) жекече көркөм аткарып берет (коштоо менен жана коштоосуз);<br>2.3.3. Эки үндүү жөнөкөй чыгармалардагы хордогу өзүнүн партиясын аткарат, анын ичинде ноталык жазууга таянуу менен; | 3.2.1. Музыканын негизги формалары (куплет, кайырма) менен жанрларын айырмалайт; | 4.2.1. Элдик жана профессионалдык музыканын ортосундагы айырмачылыктарды аргументттүү түрдө негиздейт;<br>4.2.2. Музыкалык чыгармалардын стилдик өзгөчөлүктөрүн аныктап, атап берет; |
| 4. | Автор (автордук дүйнө) | 1.2.1. Кыргыз обончуларды, акын, аткаруучуларды атап берет;<br>1.2.2. Обончунун обонунун кээ бир мүнөздүү сапаттарын айтып берет;<br>1.2.3. Кыргыз музыкалык-фольклорун атап берет;<br>1.3.4. Мугалимдин | 2.2.1. Дүйнөлүк музыканын, Кыргызстандын композиторлорун, акын аткаруучуларын атап берет;<br>2.2.2. Ар түрдүү композиторлордун музыкалык кебинин кээ | 3.2.1. Көрүнүктүү композиторлор менен музыкант-аткаруучулардын ысымдарын атап берет;<br>3.2.1. Кыргыз жана чет элдик композиторлордун чыгармачылыгынын мүнөздүү белгилери | 4.2.1. Стилдерден мүнөздүү белгилерин түшүндүрүп берет;<br>4.2.2. Бир эле көркөм идеянын, сюжеттин түрдүү композиторлордун чыгармачылыгында интерпретацияланыш |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | суроосунун жардамы менен уккан чыгарманын жаккандыгын же жакпагандыгын билдирет. | бир мүнөздүү сапаттарын айтып берет;<br>2.2.3. Кыргыз музыкалык-поэтикалык фольклорунун жанрларын атап берет;<br>2.3.4.Мугалимдин суроолорунун жардамы аркасында уккан чыгармага карата эмоциялык мамилесин билдирет. | менен үлгүлөрүн атап берет;<br>3.1.3. Өзүнүн жеке музыкалык таасирлерин оозеки түрдө туюндурат;<br>3.3.4. Ырларды хор менен (жекече) аткарууда дирижердун кыймыл-жаңсоолоруна тиешелүү түрдө жооп кайтарып, дирижердун ролун аткарышы мүмкүн. | өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт;<br>4.2.3. Музыкалык чыгарманы талдайт, автордун идеясына карата өз позициясын билдирет;<br>4.1.4. Өзүнүн музыкалдык таасирлерин оозеки айтып берүүлөр, жазуу түрүндөгү эсселер, рецензиялар формасында билдирет |

### 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары.

Башталгыч класстарда Музыка сабагы окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун спецификасына ээ. Музыка сабактарында окуучулардын предметтик компетенттүүлүктөрүнүн калыптангандыгы төмөнкүлөр аркылуу бааланат:

- музыканы угуу жана музыкалык чыгарманы талдоо;
- хордук жана жекече ырдоо;
- окуучулардын ишмердүүлүгүнүн продуктулары – нота жазуу иштери, чыгармачыл презентациялар, портфолио ж.б.

Баалоо окуучунун окуудагы натыйжалары предметтик стандарттарга туура келерин аныктоо максатын көздөйт. Музыка сабактарында баалоо эки багытта жүргүзүлөт:

- окуучунун прогрессинин жекече динамикасы бааланат, б.а., баштапкы жана аяккы натыйжалар салыштырылып, окуучунун жетишкендиктеринин прогресси бааланат;
- окуучунун жообу/иши баалоонун критерийлери (ченемдери) менен салыштырылат.

**Баалоонун типтери**

Башталгыч класстарда Музыка сабактарында педагогикалык баалоонун эки тиби колдонулат: критериялык жана ченемдик (нормативдик).

Критериялык баалоо – бул критерийлер боюнча баалоо, б.а. баа окуучунун жетишкендиктерин көрсөтүүчү түзүүчүлөрдөн (критерийлерден) келип чыгат. Окуучулардын иштерин баалоого критерийлик мамиле кылуу процесстин бардык катышуучуларына

(мугалимдерге, окуучуларга, ата-энелерге) окуп-үйрөнүлүп жаткан материалды өздөштүрүүнүн деңгээлин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзүүчү тескери байланышты жүзөгө ашырууга жардам берет. Тескери байланыш канчалык мазмундуу болсо, ага жасалган мамиле ошончолук конструктивдүү болушу мүмкүн. Критерийлик баалоо бул – баалоонун жана өзүн өзү баалоонун ар кыл түрлөрү, формалары жана усулдары колдонулган мамиле.

Критериялык баалоо мугалим үчүн бир катар принципиалдуу көрсөтмөлөрдү билдирет:

- баа аркылуу окуучунун инсаны эмес, иши гана бааланат;
- окуучунун иши башка окуучулардын иши эмес, эталон (мыкты аткарылган иштин үлгүсү) менен салыштырылат. Эталон окуучуларга мурдатан тааныш болот;
- бааны чыгаруунун так алгоритми иштелип чыккан, окуучу ал боюнча өз жетишкендиктеринин деңгээлин өзү аныктап, өз баасын көрсөтөт;
- окутулуп жаткан нерсени гана баалоого болот, ошондуктан баалоо критериясы – окуу максаттарынын (билим берүүчүлүк натыйжалардын) конкреттүү туюндурулушу.

Критериялык баалоону колдонуу баалоо процессине окуучулардын өздөрүн тартууга шарт түзөт, башкача айтканда, билим берүү процессинин маанилүү компоненти болгон өзүн өзү баалоону ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет, анткени рефлексия гана окуучуларга өз ишмердүүлүгүнөн тажрыйба чыгарууга, коюлган милдетти чечүү үчүн ички мүмкүнчүлүктөрүн активдештирүүгө, өзүн жакшыраак аңдап түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзө алат. Өзүнүн жакшы жактарын жана кемчиликтерин талдоо менен, окуучулар аларды четтетүү жолдорун табышат, өздөрүн өздөрү баалоого үйрөнүшөт, бул болсо аларга өз иштеринин күчтүү жана алсыз жактарын көрүүгө жана мындай жыйынтыктарды аңтап түшүнүүнүн негизинде кийинки ишмердүүлүгүнүн программасын түзүүгө шарт түзөт. Туура уюштурулган рефлексия тапшырманы ийгиликтүү аткарууга өбөлгө болуучу оң маанайды түзүүгө жардам берет.

**Музыка боюнча баалоонун критерийлеринин мисалдары:**

- Ырды бир убакта аткаруу жана аяктоо (дирижердун кол шилтемдерин аткара билүү).
- Ноталардын аталыштарын, ноталык сызыктарга (станга) жайгаштыра билүү.
- Обонду (ноталык) жана сөздүк текстти билүү (эгер үйрөнүп жатканда ноталык жазуу колдонулган болсо).
- Аткаруунун интонациялоонун тазалыгы жана ыргактык тактыгы.
- Ырды мүнөздүү аткаруу (музыкалык көркөм туюндуруу каражаттарын – динамикалык боёкчолорду, темпти, обонду, ыргакты туура пайдалануу).
- Ырдоо учурунда туура отуруу (туруу).
- Жооп берүүдө (оозеки, жазуу, презентацияда) музыкалык терминдерди сабаттуу пайдалануу.

- Музыкага кызыгуу, ага эмоциялык жооп кылуу жана музыкалык чыгарма менен таанышуудан келип чыккан эмоциялык абалын мүнөздөй билүү (сүйүнүү, капалануу ж.б)
- Окуучунун өзүнүн аткаруусун мүнөздөй жана талдай билүүсү.
- Аткаруу учурунда эмоционалдуулукту көрсөтүү.

Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн продуктуларын баалоо критерийлери ар бир тапшырма жана окуучулардын ишинин түрү боюнча иштелип чыгат.

Ченемдик баалоо – жеке натыйжалар менен статистикалык маанилерди – ченемдерди салыштыруу жолу менен баага жана инсандын же жүрүш-туруштун өзгөчөлүктөрүн чагылдыруучу, тапшырма менен өлчөнүүчү көрсөткүчтөрдү интерпретациялоого болгон мамиле. 1-2-класстарда баа берүүнүн сапаттык жана сыпаттоо ыкмаларын пайдалануу менен жүргүзүлөт. 3-4-класстарда баа берүү үчүн белгилер, ошондой эле калыптандаруучу, сапаттык жана сыпаттоо ыкмалары кеңири колдонулат.

**Музыка сабактарында окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун төмөнкүдөй формалары колдонулат:**

- окуучулардын оозеки жооптору;
- нота менен жазуу иштери;
- практикалык тапшырмалар (нота менен ноталык сызыктарга жазуу, ноталардын созулуштары менен ырдоо).

**Окуучулардын оозеки жооптору дегенибиз –** сабактарда музыкалык чыгармалар тууралуу диалог-дискуссияларга катышуусу;

- башка окуучулардын аткаруусу тууралуу пикирлери.

**Жазуу иштери дегенибиз:**

- карточкалар боюнча иштөө (музыкалык сөздүктү билүү),
- жеке таасирлери жана музыкалык чыгармаларды эмоциялык-образдык кабылдоо боюнча эссе.

**Практикалык тапшырмалар – булар:**

- презентацияларды даярдоо;
- «обонду тап» – сабакта жаңырган музыкалык чыгармалардын фрагментерин табуу;
- жекече жана хор менен ырдоо.

## 4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР

### 4.1. Окутуунун методикасына негизги талаптар.

«Музыка» предметин орто мектепте музыкалык билим берүү боюнча адистиги бар мугалимдер окута алышат. Мында негизги максат музыка боюнча терең билимге ээ болуу, аны окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жана алардын турмуштук тажрыйбасынын деңгээлине жараша ыңгайлаштыруу, ошондой эле музыканын теориясынан баштап курчап турган жаратылыштын кубулуштарын түшүнүүгө ар тараптан бирдиктүү мамиле жасоого жетишүү болуп саналат.

Башталгыч мектепте музыкалык маданияттын, музыкалык билим берүүнүн негиздери түптөлөт. Башталгыч музыкалык билим берүү балдарды музыкалык искусствонун эң мыкты үлгүлөрү менен тааныштыруу, музыканын негизги билимдерин өздөштүрүү процесси жана натыйжасы катары түшүнүлөт.

Башталгыч мектепте мектеп окуучуларынын музыкалык маданиятын, алардын руханий маданиятынын бир бөлүгү катары калыптандыруу максаты конкреттештирилген. Бул процесстин негизги компоненттери искусствого жана жашоого болгон эмоционалдык бир бүтүн мамиле; музыкалык искусствонун моралдык-эстетикалык маңызына адекваттуу музыкалык кабылдоо; композитордун, аткаруучунун жана угуучунун рухий-чыгармачылык мамилелеринин көрүнүшү катары чыгармачылык ишмердиктин тажрыйбасы. Жалпы билим берүүчү мектептин төмөнкү класстарында музыка сабагы балдардын фантазиясын өнүктүрүүнү, жаратылыштын формалары менен искусствонун түрлөрүнүн байланышын түшүнүү жөндөмүн өнүктүрүүнү камтыйт.

Ошентип, музыкалык билим берүүнүн натыйжаларынын компетенттүүлүгүнө негизделип, кызматташуу, сынчыл ой жүгүртүү, баарлашуу жана өз алдынчалык көндүмдөрүн калыптандырууга, «Музыка» предмети боюнча башталгыч билим берүүнүн артыкчылыктуу педагогикалык технологияларын жана методдорун өнүктүрүүгө багытталган**.**

### 4.2. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар.

«Музыка» предмети боюнча коюлган максатка жана милдеттерге жетүү үчүн төмөнкүдөй ресурстук камсыздоо талап кылынат: *Адам ресурсу.* “Музыка” предметин окутуу үчүн мектепте «Музыка мугалими» адистигине ээ болгон, атайын музыкалык билими (атайын орто, жогорку) бар адистин болушу талап кылынат. Адис музыкалык аспаптардын биринде ойной билүүгө тийиш, бул ыр репертуарын үйрөнүү жана аткаруу учурунда окуучуларга коштоого (аккомпанемент) мүмкүндүк берет (фортепиано, синтезатор, баян, аккордеон). Билим берүүнүн заманбап шарттары мугалимдин компьютердик технологиялар менен иштеп, аларды колдоно билүүсүн талап кылат.

1. Музыка кабинети. Сабакты уюштуруу үчүн өзүнчө «Музыка» кабинети керек.
2. Музыка сабагын өткөрүү үчүн жабдуулар;

- Музыкалык аспаптар – фортепиано, синтезатор, баян, аккордеон, шалдырактар, маракастар, ышкырыктар, балдардын урма жана клавишалуу аспаптары, металлофон, ксилофон ж.б.
- Кыргыз элдик музыкалык аспаптары – комуз, кыяк, темир ооз комуз, жыгач ооз комуз, чоор, чопо-чоор, добулбас, шылдырак ж.б.
- Үн күчөткүчтөрү (колонкалар) бар компьютер (санариптик ойноткуч).
- Видео-жабдуу – мультимедиялык проектор (видео-кошумчасы бар телевизор ).
- Нота сызыктары түшүрүлгөн такта (доска).
- Дүйнөлүк музыкалык классиканын жана Кыргызстандын композиторлорунун, музыкалык аткаруучулардын портреттеринин комплектиси жана санариптик топтомдору.
- «Ноталык сабат» плакаттарынын комплектиси жана санариптик топтомдор.
- КР Билим берүү жана илим министрлиги сунуштаган Музыка боюнча окуу-методикалык комплекстер, музыканы окуп-үйрөнүү үчүн видео-жазуулардын комплектиси, ноталык жана фонохрестоматия, музыкалык чыгарманын угулуш үлгүлөрүн берүү үчүн колдонулат.
- Предмет боюнча адабияттар.

**4.3. Мотивациялоочу жана коопсуз окуу чөйрөсүн түзүү.**

«Музыка» предмети окуу планына киргизилип, окуу программасы, окуу китептери кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде басып чыгарылат. Көрсөтмө каражаттардын тизмеси окуу программасында келтирилет. Алар мүмкүн болушунча ар бир окуу жылына карата толукталып жана жаңыланып турууга тийиш. Окуучулардын билимин баалоо Музыка предмети боюнча коюлган талаптардын чегинде, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен жүргүзүлөт.

Башталгыч мектепте билим берүү чөйрөсү билим берүүнүн максаттарына жана милдеттерине адекваттуу болушу керек, билим берүүнүн жогорку сапатын, анын окуучулар, алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) үчүн жеткиликтүүлүгүн, ачыктыгын жана жагымдуулугун камсыз кылууга; окуучулардын физикалык, психологиялык жана социалдык ден соолугун коргоого жана чыңдоого кепилдик берет. Билим берүү чөйрөсү бардык окуучулардын, анын ичинде өзгөчө билимге муктаж балдардын башталгыч билимге жетиши үчүн шарттарды түзөт. Билим берүү чөйрөсү физикалык, психологиялык жана академиялык чөйрөдөн турат жана бул аспектилердин ар бири окуучулар менен мугалимдердин окууга мотивациясын түзүүдө маанилүү ролду ойнойт. «Музыка» предмети боюнча сабакта заманбап технологияларды колдонуу, ыңгайлуу мейкиндикти уюштуруу жана эффективдүү окуу куралдарын колдонуу аркылуу мотивациялоочу физикалык чөйрө түзүлөт.

Психологиялык чөйрө – калыптандыруучу баалоону, позитивдүү жана колдоочу пикирлерди, объективдүү критериялык баалоону колдонуу аркылуу, өз алдынчалыкка жана класста активдүү изденүүгө шыктандыруу. Мотивациялоочу академиялык чөйрө иштин түрдүү

методдорун жана формаларын, анын ичинде активдүү, интерактивдүү окутуу методдорун, жеке, жуптук жана топтук иш формаларын, кошумча музыкалык-ноталык окуу материалдарын, анын ичинде элдик жана заманбап музыкалык чыгармалардын, илимий-популярдуу иллюстрацияланган китептерди, нота-фоно хрестоматияларды, маалымат менен иштөөгө түрткү берүүчү изилдөө жана издөө методдорун колдонуу аркылуу түзүлөт.

Башталгыч мектепте билим берүү чөйрөсү физикалык, экологиялык, психологиялык жана маалыматтык коопсуздукту эске алуу менен уюштурулат. Класстын бардык элементтери аларды пайдалануунун ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча талаптарга жооп берет, мисалы, санитардык-эпидемиологиялык эрежелер, ченемдер жана өрт менен электр коопсуздук эрежелери.

Жалпы билим берүү уюмунун бардык жайларында жасалма жарыктандыруунун деңгээли турак жайларды жана коомдук имараттарды табигый[1], жасалма айкалыштырылган жарыктандыруу үчүн гигиеналык талаптарга ылайык жана түс температурасын[2] эске алуу менен камсыз кылынат.

Электрондук маалыматтык-билим берүү чөйрөсүн пайдалануунун шарттары билим берүү мамилелеринин катышуучулары жөнүндө маалыматтарды сактоонун коопсуздугун, санариптик билим берүү ресурстарынын коопсуздугун, гигиеналык ченемдерге жана санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык билим берүү ишин уюштуруунун коопсуздугун камсыз кылат.

---

[1] Санитарно-эпидемиологические правила и нормативы «Санитарно-эпидемиологические требования к условиям и организации обучения в общеобразовательных организациях» (ПП КР «Об утверждении актов в области общественного здравоохранения» от 11 апреля 2016 года №201.

[2] Руководство по безопасным закупкам и финансированию безопасной образовательной среды для образовательных организаций Кыргызской Республики. Кириленко А.В., Коротенко В.А., Исланбекова Б.И/ Отв. ред.: А.В.Кириленко. – Б., 2019.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты.
2. Компетенции «4К»: формирование и оценка на уроке. Практические рекомендации. – М. 2019 г.// URL: https://clck.ru/MKHn4
3. Конвенция о правах ребенка. Принята резолюцией 44/25 Генеральной Ассамблеи ООН от 20 ноября 1989 года. // URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/childcon.shtml
4. Методология проведения антидискриминационной и гендерной экспертизы учебно-методических комплексов. Утверждена МОН КР от 16.09.2019г Приказ № 1096/1 (Приложение 3). – Б., 2019 г. // URL:  https://clck.ru/ecXuH
5. 2019-жылы 17-июлда КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 866/1 – чечими менен бекилген  “Музыка предметинин 1-4-класстар үчүн предметтик стандарты”.
6. Оценивание учебных достижений учащихся. Методическое руководство/Сост. Р. Х. Шакиров, А.А. Буркитова, О.И. Дудкина. – Б.: «Билим», 2012. – 80 с.
7. http://nsportal.ru/shkola/muzyka/library/2012/02/07/mezhpredmetnye-svyazi-na-urokakh-muzyki-kak-sredstvo
8. http://nsportal.ru/nachalnaya-shkola/obshchepedagogicheskie-tekhnologii/2014/10/19/ispolzovanie-lichnostno
9. http://mosmetod.ru/centr/proekty/mos/motiviruyushchaya-obrazovatelnaya-sreda.html
10. http://lib4all.ru/base/B3079/B3079Part16-134.php
11. http://sabak.ucoz.org/publ/materialy_pedagogov/stati/7-1-0-177
12. http://www.openclass.ru/node/132618